19.2. Күн тартибинин долбоорунун маселелери алар туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйындарында алдын ала каралгандан кийин жана алар айылдык кеңештин туруктуу (убактылуу) комиссияларынын төрагалары менен макулдашылгандан кийин төрага тарабынан киргизилет.
19.3. Өткөрүлүүчү убактысы жана жери көрсөтүлүү менен төрага тарабынан аныкталган сессиянын күн тартибинин долбоору, сессияда каралууга тийиш болгон токтомдордун долбоорлору жана башка документтер менен материалдар сессия башталганга чейин 3 календардык күндөн кеч эмес депутаттарга жана чакырылган адамдарга жөнөтүлөт. Күн тартибинин долбоору бир эле учурда айыл өкмөтүнүн маалымат тактайларына жайгаштырылат, ошондой эле жергиликтүү калктын таанышуусу үчүн айылдардын ичиндеги көрүнүктүү жерлерге илинет.
19.4. Эгерде айылдык кеңештин депутаттары зарыл деп эсептешсе, сессиянын күн тартибинин долбоору жергиликтүү гезиттерде, теле көрсөтүүдө жана радиодо жарыя кылынат.
19.5. Сессиянын күн тартибинин долбоору сессияда төрагалык кылуучу тарабынан негиз катары кабыл алуу үчүн добушка коюлат.
19.6. Сессияда негиз катары кабыл алынган күн тартибинин долбооруна өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилиши мүмкүн.
19.7. Сессияда негиз катары кабыл алынган күн тартибинин долбоорун жаңы маселе менен толуктоо тууралуу сунуш, эгерде сунуш кылынган маселе мурда айылдык кеңештин туруктуу (убактылуу) комиссияларында каралган болсо гана, катышкан депутаттардын көпчүлүк добушу менен киргизилет.
19.8. Күн тартибинин долбооруна киргизилген маселелерди алып салуу же сессиянын күн тартибиндеги маселелерге өзгөртүү киргизүү (техникалык маанидеги) тууралуу сунуштар айылдык кеңештин туруктуу (убактылуу) комиссияларында каралбастан эле катышкан депутаттардын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.
19.9. Сессия Кыргыз Республикасынын гимнин аткаруу менен башталат жана аяктайт.
19.10. Сессиянын күн тартибинин долбооруна өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү тууралуу чечим кабыл алынгандан кийин төрага тарбынан сессиянын күн тартиби жалпысынан кабыл алуу үчүн добушка коюлат, сессиянын күн тартиби айылдык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.
19.11. Айылдык кеңештин сессиясында кошумча материалдар айылдык кеңештин төрагасынын кол коюусу болгондо гана таркатылат.
19.12. Айылдык Кеңештин жабык сессиясы:
1) Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» Мыйзамынын 30-беренесинин 2-пунктунда көрсөтүлгөн учурда айылдык кеңештин сессиясы жабык өткөрүлөт.
2)Жабык сессия откоруу жөнүндө чечим катышкандардын көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынат.
3) Мамлекеттик сырды кароого атайын текшерүүдөн өткөн жана аны кароого уруксаты бар жаран (кызматына карабастан) катыша алат.
4) Айылдык Кеңештин жабык сессияларынын мазмунун ачыкка чыгарууга жана жайылтууга, ошондой эле жыйналыш убагында фото, укма жана көргөзмө жабдууларды, маалыматтарды иштетүү каражаттарын, телефондук жана радио байланыштарын пайдаланууга тыюу салынат.

**20-глава. Сессияга төрагалык кылуучу**

20.1. Айылдык кеңештин сессиясын сессияга төрагалык кылуучу алып барат. Сессияга төрагалык кылуучу айылдык кеңештин төрагасы болуп саналат, ал жокто айылдык кеңештин төрагасынын орун басары болот.
20.2. Сессияга төрагалык кылуучу төмөндөгүдөй укуктарга ээ:
— айылдык кеңештин сессиясын алып барууга;
— маселелерди талкуулоого катышууга;